КР УИАнын Б. Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д. 07.23.674 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү т. и. к., и. о. доцент Анара Исаева Асылбековнанын тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасынын изденүүчүсү **Айтиева Гүлбурак Аскарбековнанын “Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)»** аттуу темадагы 07. 00. 07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илиминин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган кол жазмасына берген

## КОРУТУНДУСУ:

**1. 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши**

Изилденүүчү Айтиева Гүлбурак Аскарбековнанын “Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)” аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигине ылайык жана диссертациялык кеңештин багытына туура келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу изилдөөдөгү каралуучу башкы маселе болгон зыярат кылуучу жайлардын коомдогу орду бөлүп саналат. Жергиликтүү маданияттардын контекстинде зыярат кылуучу жайлардын жетишерлик денгээлде изилденбегендиги, зыярат түшүнүгүнө байланыштуу келип чыккан каада-салттардын, жөрөлгөлөрдүн, ырым-жырымдардын түпкү маанилери буга чейин жеткиликтүү чечмелеп ачылып берилбегендигине байланыштуу. Мындан сырткары, көтөрүлгөн маселеде диндин архаикалык формаларын аңдап түшүнүү гана эмес, тескерисинче бир катар теориялык маселелерди,

ОК: Бикбулатова А.Я.

ДС 07.23.674
Вх. № 2024/5 от 13.05.24
Уч. секр. [signature]

алардын ичинде зыярат универсалдуу илимий маселе экендигин тактоодо турат. Учурда зыярат кылууну изилдөө аркылуу калктын чарбасынын, этносоциалдык жашоосун, карым-катнашын иликтөөгө мүмкүнчүлүк жаралганын да белгилеп кетүү керек. Ошону менен бирге сунушталып жаткан илимий иш боюнча азыркы мезгилге чейин атайын изилдөө иштери жүргөн эмес. Ошондуктан эмгектин жазылышы илимий иштин актуалдуулугун көрсөтөт.

**2. Диссертациялык иштин негизги максаты**. Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндө жашаган калктын зыярат жасоочу жайларга болгон мамилесин, адамдардын аң-сезимдериндеги ыйык жайлар катары эсептелген жайлардын диний-философиялык түшүнүктөрдөгү жана табынуунун күндөлүк жашоо турмушундагы ээлеген ордун изилдөө болуп эсептелет.

**3. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары**.

Каралып жаткан диссертациялык иште бир нече жаңы этнографиялык, этномаданий, этногенетикалык жана тарыхнаамалык илимий практикалык жыйынтыктар чыгарылган. Алар төмөнкүдөй белгиленген:

1. Изилденүүчү проблеманын тарыхнаамасын жана булактык базасын аныктап ачып берген;

2. Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан ыйык жайларды тарыхый-этнографиялык өңүттөн классификациялаган;

3. Ыйык жайларга зыярат жасоонун жана табынуунун келип чыгышын, “чоң зыярат” жана “кичи зыярат” түшүнүктөрүн чечмелеген;

4. Салттуу ислам жана табынуучу жайлардын ортосундагы жалпылыктар менен карама-каршылыктарды ачып берген;

5. Табынуучу ыйык жер, мазарлардын Совет бийлигинин доорунда жүргүзүлгөн атеисттик саясатынын соңунан кийинки абалына баа берүү;

6. Кыргызстандын этномаданий мейкиндигинде зыяраттын функционалдык жүгүн аныктаган; этнографиялык илимий адабияттарда көңүл бурулбаган

зыяраттын өнүгүүсүнүн кайра куруу жана постсоветтик мезгилдериндеги абалына, жергиликтүү калктын жасаган мамилесине анализ жасаган;

7. Олуя (көзү ачык), ыйык деп кабыл алынган адамдардын бейиттерине, жаратылыш обьектилерине сыйынуу жана зыярат жасоо жүрүмүндө аткарылган каада-салттар жана жөрөлгөлөрдү изилдөөгө аракет жасаган;

8. Аялдар катышкан жөрөлгөлөр жана алардын өзгөчүлүктөрүн ачып берген;

9. Суунун (булактардын) культун, тоо-таштарга (обоо таштар), үңкүрлөргө ж.б. табынууларды изилдеген;

**4. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү**

Диссертациялык изилдөөдөн алынган негизги жыйынтыктар, жыйынтык-корутундулар илимий- тажрыйбалык конференцияларда окулган баяндамаларда апробацияланып, КР ЖАКнын тизмесине кирген же индекстелген системаларга кирген басылмаларда диссертанттын жеке авторлугу менен жарык көргөн илимий макалаларда чагылдырылган.

**5. Автореферattын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши**

Автореферattын мазмуну, түзүлүшү диссертациянын мазмунуна, түзүлүшүнө толугу менен туура келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бири-бирине мазмундук окшош резюмелер менен жабдылган. Талаптарга толук жооп берет.

**6. Диссертациянын мазмунундагы жана жасалгаланышындагы айрым мүчүлүштүктөр жана изилдөөчүгө суиуштар:**

1. Диссертациялык иштин практикалык сунуштарын бир аз кеңейтүү менен кошумчаларды кошуу зарыл. Биздин оюбуз боюнча кыска жана тар берилип калган;

2. Теориялык бөлүгүндө зыяраттын келип чыгышы жана зыярат кылуунун эрежелери жана анын өнүгүшү тууралуу теорияны кеңейтип дагы бир жолу карап чыгуу керек;

3. Усулдук материал катары этнографиялык изилдөөнүн негизинде жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы боюнча дагы да материалдарды кароо зарыл;

4. Мазарлардын классификацияларын жана алардын Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы ролун кененирээк карап чыкса жакшы болмок;

5. Ишти дагы бир жолу карап, орфографиялык жана техникалык каталарын оңдоп чыгуу иштерин сунуштайбыз.

**7. Изденүүчүнүн баштапкы материалдары менен таанышуунун жыйынтыктары:**

1. Изденүүчү диссертациялык иштин үстүнөн бир топ убакыттан бери (2008-ж.) эмгектенип, көптөгөн тарыхый булактарды, тарыхнаамалык илимий эмгектерди карап талдоолорун кенен жүргүзгөн.

2. Изденүүчү талаа материалдарын чогултууда Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан Өзгөн, Араван, Кара-Суу, Аксы райондорунан талаа матераилдарын чогулткан.

3. Илимий экспедиция учурунда видео, сүрөттөр алынган.

Бул сунуштар иштин теориялык жана илимий-тажрыйбалык маанисин эч кандай төмөндөтпөйт жана диссертант 07.00.07 – этнология, этнография жана антропология боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасына татыктуу.

**8. Жетектөөчү мекеме, расмий оппоненттер боюнча сунуштар:**

**Жетектөөчу мекеме:** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Э. Уметов атындагы педагогикалык факультетинин тарых кафедрасы (720906, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад ш., Ленин көч. 57)

**Расмий оппоненттерге:**

1.Жоошбекова Айнагул Рысбаевна – т. и.д., профессор.

2. Исаева Анара Асанбековна – т.и.к., и.о. доцент.

Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын "Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)» аттуу темадагы 07.00.07 –

этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын карап чыгып, КР УИАнын Б.Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д. 07.23.674 диссертациялык кеңешине ачык коргоо үчүн кабыл алууну сунуштайм.

**9. Диссертациялык КР ЖАКтын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун” талаптарыны ылайык келиши**

Жогорудагы аталган айрым кемчиликтердин орун алганына карабастан, **Айтиева Гүлбурак Аскарбековнанын “Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)»** аттуу темадагы диссертациялык ишинин структурасы, мазмуну, илимий жацылыгы, изилдөөнүн негизинде алынган корутундулары Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиянын талаптарына жооп берет жана 07.00.07 – этнография, этнология, антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу деп эсептөөгө болот.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү,
К. Карасаев атындагы
Бишкек мамлекеттик
университетинин тилдер жана
коомдук илимдер кафедрасынын
т.и.к., и.о доценти: Исаева А. А.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

13.05.2024

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«13» 05 2024 ж.